*Табигый илимдер дисциплиналары кафедрасы*

**1. Кафедранын тарыхы**

Табигый илимдер дисциплиналары кафедрасы 2020-жылы түзүлгөн. Кафедра башчысы болуп х.и.к., доцент Тешебаева Урунса Тиленовна дайындалган. Табигый илимдер дисциплиналары кафедрасынын профессордук-окутуучулук курамында алты илимдин кандидаты, эки улук окутуучу, төрт окутуучу, бир улук лаборант, бир лаборант болгон. 2022-жылдын 1-сентябрынан тартып кафедра башчысы кызматына доцент Ташходжаев Шухрат Аманович дайындалган. 2022-жылдын 12-ноябрынан баштап кафедра башчысы кызматын п.и.к. Алиева Чынара Мукашовна аткарып келүүдө.

Кафедрада химия, физика, математика жана информатика, биохимия, анатомия, гистология, медициналык биология, орус тили, кыргыз тили, англис тили, латын тили жана башка дисциплиналар окутулган. Кафедрада окутуунун жаны технологиялары кенири колдонулуп, бул багытта окутуучулар ар кандай семинарларга катышып, билимдерин өркүндөтүп келишет. Кафедрада илимий – чыгармачылык иштерди жүргүзүүгө чон мүмкүнчүлүктөр түзүлгөн. Ошол эле мезгилде студенттердин илимий изилдөө иштерин жүргүзүүгө жаны лабораториялар түзүлгөн. Кыргызстандагы жана чет элдик медициналык жогорку окуу жайлары менен эл аралык байланыштарды жүргүзүүгө, тажрыйба алмашууга чон мүмкүнчүлүктөр түзүлгөн.

**2. Кафедранын миссиясы:**

Ош эл аралык медициналык университетинин миссиясынын негизинде заманбап билим берүүнү камсыздоо менен окутуунун натыйжалуулугун жогорулатуу, студенттерде адептик, илимий жана маданий баалуулуктарды калыптандыруу.

**3. Кафедранын структурасы:**

Азыркы учурда Табигый илимдер дисциплиналары кафедрасынын профессордук –окутуучулук курамын 3 илимдин доктору, 8 илимдин кандидаты, 10дон ашык окутуучу, 1 улук лаборант, 1 инженер программист түзүшөт. Кафедрада окуу процессин комплекстүү жүргүзүү максатында анатомия, хирургия, гистология, биохимия, химия медициналык биология жана башка дисциплиналры боюнча окуу-илимий лабораториялары түзүлгөн. Окутулуп жаткан дисциплиналар боюнча илимий кружоктор түзүлүп, анын

жыйынтыгында студенттер арасында илимий конференциялар, ар кандай денгээлдеги олимпиадалар, тегерек столдор ж.б. иш-чаралар уюштурулуп келет.

## 4. Кафедранын негизги ишмердүүлүк багыттары

Табигый илимдер дисциплиналары кафедрасы базалык, б.а. математика жана табигый, профессионалдык циклдагы дисциплиналар боюнча студенттерге заманбап билим берүү менен сапаттык кепилдигин камсыздайт.

## 5. Кафедранын максаттары:

- инновациялык методдордун негизинде сапаттуу лекциялык, практикалык, лабораториялык жана семинардык сабактарды өтүү;

- студенттер менен биргеликте университеттин денгээлинде коомдук, тарбиялык жана илимий-методикалык иш-чараларга активдүү катышуу;

- окуу процессинин сапатын жогорулатуу максатында окуу-лабораторияларынын жабдууларын көбөйтүү жана жакшыртуу;

- жаш окутуучулардын арасында тажрыйбалуу окутуучулардын илимий-педагогикалык чеберчилигин жайылтуу;

- заманбап илимий-изилдөө лаборатоияларын түзүү менен актуалдуу илимий-техникалык маселелерди чечүү.